5. Мектепке чейинки уюмдар шартында мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар менен иштөө боюнча методикалык сунуштар /түзүүчүлөр: Т.Орусбаева, А. Исаева, Д. Дунганова, Б.Асаналиева ж. б. Бишкек, 2011. 116 б.

**Рецензент:** *пед. илимд. канд., проф. м. А. Т. А. Орусбаева*

**УДК 332.145(2Ки)**

***Анарбай кызы С.***
*КГУим. И. Арабаева*
*Бишкек, Кыргызстан*
***S. Anarbay k.***
*I. Arabaev KSU*
*Bishkek, Kyrgyzstan*

# КЫРГЫЗСТАНДЫН 60-70-ЖЫЛДАРЫНДАГЫ АЙЫЛ ЧАРБАСЫНДАГЫ ӨНДҮРҮШТҮК МАМИЛЕЛЕР

# ПРОИЗВОДСТВЕННЫЕ ОТНОШЕНИЯ В СЕЛЬСКОМ ХОЗЯЙСТВЕ КЫРГЫЗСТАНА В 60-70-е ГОДЫ

# RELATION OF PRODUCTION IN AGRICULTURE OF KYRGYZSTAN IN 60-70

***Аннотация:*** *Макалада экономиканын маанилүү тармактарынын бири болгон айыл чарбасындагы өндүрүштүк мамилелердин өбөлгөлөрү, себептери жана шарттары,айыл чарбасын интенсивдештирүүнүн чечүүчү фактору катары өлкөдө жүргүзүлгөн агрардык саясат, анын ийгиликтери, кыйынчылыктары, катачылыктар, партиялык органдардын жүргүзгөн иштеринин негативдүү жана позитивдүү жактары көрсөтүлгөн.*

***Негизги сөздөр:*** *Кыргызстан; айыл чарба; материалдык-техникалык база; финансылык каражат; админстративдик-буйрукчул система; өздүк көмөкчү чарба; сенектик; бөгөттөө механизми.*

***Аннотация:*** *В статье рассматриваются причины и условия производственных отношений одной из важных отраслей экономики – сельского хозяйства, ставшей решающим фактором интенсификации народного хозяйства, также в центре внимания – проводимая в стране аграрная политика, ее достижения, трудности, ошибки, негативные и позитивные стороны мероприятий, проводимых партийными органами.*

***Ключевые слова:*** *Кыргызстан; сельское хозяйство; материально-техническая база; финансовые средства; административно-командная система; личное подсобное хозяйство; застойный; механизмы торможения.*

***Annotation:*** *The article discusses the causes and conditions of the crisis phenomena of one of the important sectors of the economy – agriculture, which has become a decisive factor in the intensification of the national economy, the agrarian policy pursued in the country, its achievements, difficulties, mistakes, negative and positive aspects of the activities carried out by the party bodies.*

***Key words:*** *Kyrgyzstan; agriculture; material and technical base; financial assets; administrative command system; private farm holding; stagnant; mechanisms of slowdown.*

60-жылдардын экинчи – 80-жылдардын биринчи жарымындагы Кыргызстандын айыл чарбасынын өндүргүч күчтөрдөгү жылыштары анын деңгээлине жана мүнөзүнө ылайык өндүрүш мамилелеринин өзгөрүшүн талап кылган.

60-жылдардын биринчи жарымында өлкөнүн артта калышынын негизги себептеринин бири өндүрүштү уюштуруудагы жана башкаруудагы кетирилген кемчиликтер менен байланыштуу болгон. Буйрукчул экономикада субъективдүү, баш аламан, зордук менен

башкаруунун натыйжасында, пландоодо, акча каржылоодо, айыл чарбасына кредит берүү, баа саясатында одоно кемчиликтер кетирилген. Айыл чарба продукцияларын көбөйтүүчүн айыл эмгекчилеринин кызыкчылыгын арттыруучу шарттар жок болгон [8, 42].

Айыл чарбасындагы өндүрүштү уюштуруунун колхоздук, совхоздук админстративдик-буйрукчул формасы жокко чыгарылганы менен базар мамилесине өтүүнүн шартында жердин түшүмдүүлүгүн малдын продуктуулугун, жалпы эле айыл чарбасынын кирешелүүлүгүн көтөрүү сыяктуу маселер мурдагыдан да зор мааниге ээ болду. Ошондуктан, биздин оюбузча, бүгүнкү күндө айыл чарбасынын өнүгүүсүнүн проблемаларын жана процесстерин түшүнүү жана базар мамилесинин шартында айыл чарбасын өнүктүрүүнүн жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана өзгөчөлүктөрүн баамдоодо XX кылымдын 70-жылдардын экинчи жарымын 80-жылдардын биринчи жарымын камтыган республиканын агрардык чөйрөсүндөгү кризистик кырдаалдын себептерине жана башаттарына илимий анализ берүү өзгөчө мааниге ээ [7, 3].

Биринчи кезекте, өндүрүштү экономикалык уюштурууну жакшыртуу үчүн айыл чарба продукцияларын сатып алуунун жаңы тартиби киргизилген. Бул боюнча, колхоздор жана совхоздор беш жалдык план менен продукту сатып турууга милдеттендирилген. Дыйканчылык жана мал чарба продуктуларына жогорулатылган баа коюлган. Мамлекетке пландан ашык сатылган буудай жана кара буудай үчүн жогорку баа коюлган. Көтөрүлгөн баа жогорку жана орто семиздикте багылып өткөрүлгөн мал үчүн да төлөнгөн. Кыргызстандын колхоздору жана совхоздору үчүн мамлекетке сатыла турган уй үчүн союз боюнча коюлган баадан 20%га, чочко үчүн – 30; бийик тоолуу райондордо асыралган кой-эчки үчүн чарбаларга 100 % кошуп төлөө тартиби киргизилген [9, 35].

70-жылдары айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалулугунун жогортуунун негизги жолу экономикалык механизимдерди жогорулатууга байланыштуу деп табылган жана бул багытта аракеттер жасалган. Агроөнөр жай комплексинин тармактар аралык экономикалык мамлекетерин өркүндөтүү маселеси КПСС БКнын июль (1978-жыл). Пленумунда атайын каралган. Пленунумда мамлекет менен колхоз-совхоздордун жана айыл чарба ишканаларынын ортосунда айыл чарба продуктуларын өндүрүү боюнча жалпы кызыкчылыкты табуу керектиги баса белгилеген.

Колхоздор менен совхоздордун финансы абалын жакшыртуу максатында 1979-жылдын 1-январынан баштап чарбалар жана айыл кыштак калкы тарабынан мамлекетке сатылуучу сүт жана сүт азыктарын, жүндүн, каракүл терисинин, кой-эчкинин, картөшкөнүн, бадырандын, чесноктун, помидордун, пияздын баалары жогорулатылган. Мындан тышкары рентабелдүүлүгү 25 %дан ашпаган колхоздор салык төлөөдөн бошотулган, совхоздого дагы жеңилдиктер берилген [4, 67].

Айылдагы экономикалык абалды жакшыртууга багытталган кезектеги аракет КПСС БКнын май (1982-жылы) пленумунда жасалган. Пленумда «СССРдин азык-түлүк программасы» кабыл алынып, анда белгиленген чектерге жетүү үчүн «Колхоздор менен совхоздордун экономикасын чыңдоо жана экономикалык механизимдерди өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө» КПСС БКнын жана СССР Министирлер советинин токтому кабыл алынган. Бул боюнча 1983-жылдын 1-январынан ири мүйүздүү малдарды, кой-эчкини, чочколорду, эгинди, кант кызылчасын, картөшкөнү, жашылчаларды жана башка продуктуларды мамлекетке сатуу баасы дагы бир жолу жогорулатылган. Климаттык таза шарттарда, рентабелдүүлүгү төмөн, чыгашалуу чарбаларда өндүрүлгөн айыл чарба продуктуларын кымбат баада сатып алуу тартиби да киргизилген [2, 76].

Бригадалык подрядга өтүүнүн натыйжалуулугун көп чарбалардын тажрыйбасынан көрүүгө болот. 1983-жылы республиканын 395 колхоздору менен совхоздорунда бригадалык подряд киргизилип 8,8 миң чарбалык эсептеги бөлүмдөрдүн 3,7 миңинде 40 млн сомдук акча жана материалдык каражаттар үнөмдөлгөн. Чарбалык эсепке өткөн бөлүмдөрдүн көпчүлүгүнүн ишинин жыйынтыгы айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугунун көтөрүүдө чарба жүргүзүүнүн бул ыкмасы маанилүү каражат болгондугун көрсөтөт. Коллективдүү подрядга өткөн кой чарбасында эмгектенген 180 бригаданын ишмердигин анализдеген

учурда, бул бригадаларда эмгектенген ар бир адам республиканын кой чарбасында эмгектенген башка коллективдерге салыштырганда продукцияны көп өндүргөндүгү көрүнгөн [1, 25].

Коллективдүү подрядга өтүүнүн натыйжалуулугу жөнүндө ушул коллективдердин бригадирлери да өзгөчө белгилеп, өз тажрыйбаларын газета-журналдарга кеңири жарыялап турушкан. Мисалы, белгилүү адис, Тоң районундагы XXII партъезд атындагы колхоздун башкы чабаны Т.Акматов өз бригадасынын ар жүз тубар койдун жылына 140тан козу алууга жетишкендигинин негизги фактору чарба жүргүзүүнүн ушул жаңы формасы экендигин баса белгилеген. Калинин районундагы «Коминтерн» колхозунун жашылча өстүрүүчү бригадасынын бригадири Г. Богданова макаласында өзүнүн 130 адамдан турган бригадасынын коллективдүү бригадага өткөндөн кийинки беш жылдагы жетишкендиктери жөнүндө кеңири баяндаган. Бригада чарба жүргүзүүнүн бул ыкмасына өткүчө зыян тартып иштеген.

Албетте, чарба жүргүзүүнүн бул ыкмасын терең өздөштүргөн республикадагы бир катар чарбалар коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугун көтөрүүдө чоң ийгиликтерге жетишкен. Буга Сокулук районундагы «Путь к коммунизму» колхозунун тажыйырбасы ай-кын милдети боло алат. Чарба 80-жылдардын башында (чарбалык эсепке өткүчө) өтө чыгымдуу чарбалардын катарына киргизген. Жылына ар уйдун 2014 килограммдан сүт, ар койдон 2,1килограммдан жүн, дан эгиндеринин ар гектарынан 18,4 центнерден ашпаган түшүм алган. Чарбалык эсепке өткөндөн кийин 80-жылдардын ортосунда жогорудагы көрсөткүчтөр алган. Сүт – 4000 киллограммга, жүн 3,9 киллограммга, дан эгиндеринин түшүмдүүлүгү 40,5 центерге көтөрүлгөн [3, 27]. Чарбалык эсепти кызыкчылык менен пайдалануунун натыйжасында колхоздордо мал үчүн тоют даярдоо жакшырган, малдын продуктуулугу көтөрүлгөн. Алсак, көп жылдан чөптүн түшүмдүүлүгү ар гектарынан 64,7 ден 149 центнерге, силостук жүгөрүнүкү ар гектардан 249 центнерден 487 центнерге көбөйгөн [8, 47].

Чарбалык эсепке өткөн соң уйлардын тирүүлөй салмагы 271 кг дан 433 кг га, койдун салмагы 33 кг дан 41 кг га жогорулаган да айта кетелик. Чарбалык эсепке жөнөкөй колхозчудан тартып колхоздун башкармасына чейин кызыккандыктын натыйжасында аз арада эле колхоздун финансы абалы жакшырып, экономикасы чыңдалган. Продуктулардын өзүнө турган наркы төмөндөп, эмгек өндүрүмдүүлүгү жогорулаган. Чарбалык эсепке өткүчө өндүрүштүн рентабелдүүлүгү 4 %ды гана түзсө, жаңы ыкма киргизилген соң бул көрсөткүч 51,3% жеткен. Колхоз мамлекеттен ссуда алуунун токтоткон.

Токтогул районундагы 37 жүгөрү өстүрүүчүн бригада подрядга өтүп, чарбалык эсептин негизинде иштей баштаган. 1983-жылы эле жүгөрүнүн түшүмдүүлүгүн көтөрүп, анын ар гектарынан 98,3 ц түшүм алган. Ал эми Өзгөн районундагы «Ясы» совхозу акы төлөөнүн жана эмгекти уюштуруунун ушул формасын жакшы өздөштүрүүнүн натыйжасында 1983-жылы жүгөрүнүн түшүмдүүлүгүн эки эсеге көтөрүп, анын ар гектарынан 117,8 ц түшүм өстүрүп алууга жетишкен. Бул чарбада чарбалык эсептии өздөштүрүүнүн үлгүсүн Кыргызыстандын мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты Ж. Мойдунов жетектеген бригада мыкты көрсөткөн. Бул бригада өзүнө бекитилген жүгөрү аянтынын ар гектарынын 150 ц ден дан алууга жетишкен [8, 48].

Чарбалык эсептин ушул сыяктуу натыйжалулугуна Москва районундагы «Россия» колхозу, Киров районундагы «Россия» колхозу, Комсомолдун 50 жылдыгы атындагы колхоз ж.б. чарбалар жетишкен.

Республиканын айыл чарба министирлигине түшкөн отчёттордо он биринчи беш жылдыкта Кыргызстандагы облустар менен райондор боюнча колхоздор менен совхоздордун 60-90 % чарбалык эсепке өткөндүгү айтылат. Айрым райондордо дээрлик баардык өндүрүштүк бөлүмдөр ушул ыкмага өтүштү делип эсептелген. Мисалы, отчёттор боюнча, Ысык-Көл облусу боюнча чарбалардын 80 %, Чүй жана Москва районунда – 83 %, Кемин, Чүй, Кант районундагы мал чарба фермаларынын 85-92 % бөлүнгөн.

Жогортодон болгон кысымга карабастан Кыргызстандын колхоздору менен совхоздорунун үчтөн бири чарбалык эсепке он биринчи беш жылдыктын акырына чейин өтүшкөн эмес. Өзгөчө Алай, Тянь-Шань, Чаткал, Баткен, Фрунзе, Ак-Суу райондорунун чарбалык эсепке аз өтүшкөн, же формалдуу түрдө гана өттү деп эсептелишкен.

Сөз кылып жаткан 20 жылдын ичинде айыл чарба өндүрүшүн республиканын региондорунун табигый шарттарына, чарбалардын эмгек ресурстарына жараша адистештирүү аракеттери жүргүзүлгөн. Бул иш 60-жылдардын башында башталган болуучу. Бирок, бул багыттагы жасалган аракеттерге карабастан, колхоздор сегизинчи, тогузунчу беш жылдыктарда деле көп тармактуу бойдон кала берген. Алсак, 1976-жылы республикадагы 368 колхоз менен совхоздордун 366сы 99 % дан өсүмдүктөрүн; 247 же 93 % ири мүйүздүү мал, 327 же 89 % жылкы ж.б. өстүрүшкөн. Орто эсеп менен ар бир чарба алты, айрым учурда он беш түрдүү товардык продукция өндүргөн.

Ушуга байланыштуу КПСС БК 1976-жылы 28-майда «Чарбалар аралык кооперацияны жана агроөнөр жайын интеграциялоо негизинде айыл чарба өндүрүшүн адистештирүүнү жана топтоштурууну мындан ары өндүрүү жөнүндө» токтом кабыл алган. Ушундан улам Кыргызстандын облустарында жана райондорунда, чарбаларда айыл чарба өндүрүш адистештирүү, топтоштуруу боюнча пландар түзүлгөн [5, 112].

Эмгектин бүткүл союздук бөлүнүшүндө болсо Кыргызстан жүн, тамеки, пахта, беде уругун, кант кызылчасын өндүрүүчү региондордон болуп эсептелген.

Айыл чарба продукцияларынын арасында эгиндик, тамекинин жана картошканын өскөндүгү байкалат. Техникалык өсүмдүктөрдөн пахта жана кант кызылчасы айдалуучу талааларга өзгөчө күч келтирип, бул өсүмдүктөр оор илдетке чалдыккандыгына байланыштуу убакта өндүрүү кыскарып, айыл чарба өндүрүшүнөн кант кызылча толук бойдон алынып ташталды.

Кыргызстандын ар бир колхозуна 1985-жылы орто эсеп менен 16.9 миң гектар айыл чарбасына жарактуу, 3,2 миң гектар айдоо жери, 8.2 млн сомдук айыл чарбасы учун негизги өндүрүш фондусу 1805 баш бодомал, 21114 баш кой жана эчки туура келген. Ушундай эле көрсөткүчтөр республиканын совхоздорунда да болгон [10, 87].

1985-жылы пахтанын 100 %, эгиндин – 96, картошканын – 45, жашылчанын – 64, жүндүн – 77, эттин – 73, сүттүн 61 %, башкача айтканда, республиканын айыл чарба продукцияны басымдуу көпчүлүгү колхоздордо жана совхоздордо өндүрүлгөн. Калганы чарба аралык иш каналарга жана өздүк көмөкчү чарбаларга тийиштүү болгон.

Мындай ишканалар айыл чарба өндүрүшүндө кооперативдештирүүнүн чарбалар аралык формасы катары ишин же жумуштун бир түрү б.а. эт, сүт, жумуртка, жүн, тоют, үрөнчүлүк, бакчачылык боюнча продукцияларды иштеп чыгарууга адистештирип, өздөрүнүн иштерин чарбалык эсептин негизинде жүргүзүшкөн. Бул бирикмелердин мамлекеттик банкта өздөрүнүн эсеби болгон. Жалпы жетекчиликти болсо анын директору жана ага кирген чарбалардын жетекчилеринин Совети иш жүзүнө ашырышкан. Чарбалар аралык кооперативдештирүү иши өзгөчө мал чарбасында жакшы жолго коюлган. 1970-жылы Чүй өрөөнүндөгү кант заводдорунун алдында малды боордоп семиртүүчү чарбалар аралык пункттар, 1971-жылы Ош облусунда чарбалар аралык мал семиртүүчү 10 база ишке киришкен. 1974-жылы республикада мал чарба продуктыларын өнөр жайлык негизде өндүрүүчү мамлекеттик – колхоздук бирикме – «Кыргызживпром» түзүлүп, ага жогоруда аталган ишканалар менен малды бордоп семиртүүчү адистештирилген совхоздор кирген. 1976-жылы 29 райондук жана райондор аралык бирикме иштеп, аларды тоют менен камсыз кылуу үчүн 11 адистештирилген чарба иштеген. Кийинчерээк «Кыргызживпромдун» бирикмелери малды бордоп семиртүүчүн адистештирилген чарбалар дегени айтылып, Кыргызстандын Мамлекеттик агро өнөр жайына баш ийген.

1985-жылы Кыргызстандын айыл чарба өндүрүшүндөгү баардык колхоздор, совхоздордун 80 % чарба аралык бирикмелер аркылуу байланышкан.

Чарбалар аралык бирикмелердин саны 1970-жылдын 1983-жылга чейин үч эсе б.а. 40тан 120га көбөйгөн. Чарбалар аралык бирикмелер жана ишканалар аркылуу байланыштар артүрдүү багыттарда жүргүзүлгөн.

КПСС БК жана СССР Министрлер Совети «Колхозчулардын, жумушчулардын жана кызматкерлерин жана башка атуулдарын өздүк чарбалары жана коллективдүү багбанчылык жана огородчулук жүзүндө» (8-январь 1981-жылы) топтомдорду кабыл алгандан кийин ык-сыз чектөөлөр бир аз тыйылып, Кыргызстанда өздүк көмөкчү чарбалардагы малдын башы 54,6 миңге, кой эчкилер – 245, жылкылар – 13,8 миңге көбөйгөн [6,49].

Жыйынтыктап айтканда, 60-жылдардын экинчи – 80-жылдардын биринчи жарымында борбордук жана жергиликтүү башкаруу ишинде эч нерсени өзгөртпөстөн ишти жакшыртууга кылган аракеттер күч алынды. Көпчүлүк изилдөөчүлөрдүн ойлору боюнча, 70-80-жж. биринчи жарымындагы агрардык реформалар коомго негативдүү процесстерди да алып келген. Мунун негизги белгилери болуп адамдардын кезектеги инновацияларга, анын жыйынтыктарына ишенип, ишенбей формалдуу түрдө катышуусу. Чындыгында экономиканын агрардык секторундагы кризис, сөзсүз түрдө адамдардын материалдык абалына да таасир этип, натыйжада өлкөдө 80-жылдардын башында азык- түлүккө карата болгон муктаждык маселеси курчуган. Бирок, тилекке каршы, ошол мезгилде көпчүлүк илимий эмгектерде айыл чарбасынын өнүгүү тарыхынын карама-каршы жана көп кырдуу көрүнүштөрү жетиштүү түрдө изилденген эмес.

**Адабияттар:**


1. Акматов Т. Особенности содержания овец в условиях укрупненной чабанской бригады / на кырг.яз. Ф.: Кыргызстан, 1988.144 с.
2. Актуальные проблемы развития сельского хозяйства Киргизии. /Сб. науч. тр. экон. ф-та. Ф ., 1974.99 с.
3. Волевич М.Е. Новое в оплате труда в молочном скотоводстве. Ф.: Кыргызстан, 1985. 60 с.
4. Жумадылов К. Социалдык-экономикалык терминдердин орусча-кыргызча сөздүк-справочниги. Ф., 1989.
5. Жыргалбеков Т. Руководство партии подъемом сельского хозяйства в Киргизии. Ф.: Кыргызстан, 1972. 190 с.
6. Кенжебаев М.К. Эффективность производства продукции скотоводства в Киргизии.- Ф.: Илим,1986. 83 с.
7. Муканбетова Р. Б. 1975-1985-жылдардагы Кыргызстандын айыл чарбасынын абалы: тарых илимд. канд. дис. автореф. 07.00.02. Бишкек, 2010. 24 б.
8. Осмонов Ө.Ж. Кыргызстандын айыл-чарбасы жана айыл-кыштактардын социалдык турмушу. Бишкек, 1994. 288 б.
9. Осмонов Ө.Ж. Кыргызстандын айылынын социалдык турмушу (1966-1985-жылдар). Бишкек, 1995. 168 бет.
10. Талгарбеков Б. Формирование и резервы агропромышленного комплекса в высокогорном регионе Киргизии. Ф.: Илим, 1986. 93 с.


***Рецензент:*** *тарых илимд. канд., доценттин м.а. Д. Молдокулова*